| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>КАРКЫРА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>КАРКЫРА |

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 7- сессиясы

**Т О К Т О М**

**27-март 2025 ж № 40** **Талды-Суу айылы.**

**Малчылардын мал жандыктарды багуу акыларын бекитүү жөнүндө**

Каркыра айыл өкмөтү тарабынан жайыттарды туура пайдалануу жана малчылардын мал жандыктарды багуусу боюнча ар бир айылдарда өткөрүлгөн жыйындардын протоколдорун карап чыгып Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жайыт акысы айыл өкмөтүнө бодо малга 100 сом, койго 25 сом алдын ала төлөнсүн жана токой чарбасынын жерине бара турган малчылар үчүн токой чарбасы менен түзүлгөн келишимдин негизинде төлөнөрү эске алынсын.

2.Каркыра айыл өкмөтү боюнча бодо малга биринчи айы 650 сом, кой 140 сом жайыт акысы жана тузу ичинде, калган айлар бодо 500 сом, койго 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.

3.Малчы менен айыл өкмөтүнүн келишими жана жайыт билети айылдык ветеринар, айыл башчылар жана жер комиссиясындагы депутаттын катышуусунда ишке ашырылсын.

4.2025-жылдын 20-апрелинен баштап мал жандыктар беде аянттары жана чөп чабынды жерлерге киргизилбесин жана 2025-жылдын 5-15 май айынан кечиктирбей малчылар жайлоого көчсүн жана ар бир малчы өзүнүн жашаган айылдын гана малын алуусу милдеттендирилсин.

5.Малчыларга мал ээлери менен келишим түзүү жагы жүктөлсүн.

6.Жакынкы жана ортоңку жайыттарга өз алдынча кароосуз калтырылган мал ээлерине КР Бузуулар кодексине ылайык айып пул салынаары эскертилсин.

6.Токтомдун аткарылышы бузулса КР Бузуулар кодексинин негизинде айып пулдар салынаары белгиленсин.

7.Бул токтомдун аткарылышын Каркыра айыл өкмөтүнө жана көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**